УДК: 7-01
DOI 10.33514/1694-7851-2023-2-318-321

**Закиров У.А.**
филос. илим. канд., доц. м.а
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.

## ГОТИКАЛЫК ИСКУССТВО ЖАНА КӨРКӨМ МАДАНИЯТ ТАРЫХЫ

**Аннотация.** Искусстводогу готика стили Романескинин ордун басып, көптөгөн жаңылыктарды жана техникаларды алып келди. Архитектурада бул дубалдардагы кадимки сүрөттүн ордуна чоң терезелерден улам күн нуруна толгон, кенен, бийик складдары бар собордук шаар чиркөөлөрүндө чагылдырылган. Живопись менен скульптурада сюжеттик сюжеттер уламдан-улам реалдуулукка тартылып, томдору иштелип чыгып, каармандардын эмоциялары даана берилген. Фигуралар аларды курчап турган мейкиндикте эркин жайгашкан, бир аз ийилген S формасындагы позалар готикага мүнөздүү болгон. Искусствонун негизги багыттары Францияда готика стилинин алкагында жаралып, андан соң Европага кеңири тараган.

**Негизги сөздөр:** философиянын маданияты, готикалык искусство, готикалык маданият, готикалык архитектура, готикалык живопись, француз готикалык стили, витраждык искусство.

**Закиров У.А.**
канд. филос. наук., и.о. доц.
Кыргызский государственный университет имени Арабаева
г. Бишкек

## ИСТОРИЯ ГОТИЧЕСКОГО ИСКУССТВА И ХУДОЖЕСТВЕННОЙ КУЛЬТУРЫ

**Аннотация.** Готический стиль в искусстве пришел на смену романскому и принес множество новшеств и техник. В архитектуре это нашло отражение в соборных городских храмах, просторных, с высокими сводами, наполненных солнечным светом за счет огромных окон вместо привычной росписи на стенах. В живописи и скульптуре сюжеты все более тяготели к реальным, прорабатывались объемы и ярко передавались эмоции персонажей. Фигуры свободно располагались в окружающем их пространстве, характерными для готики были слегка изогнутые S-образные позы. Зарождались основные направления искусства в рамках готического стиля во Франции и после получили широкое распространение по территории всей Европы.

**Ключевые слова:** философия искусства, готическое искусство, готическая культура, готическая архитектура, готическая живопись, французская готика, витражное искусство.

**Zakirov U.A.**
Candidate Philosophical Sciences, Acting Associate Professor
Kyrgyz State University named after Arabaeva
Bishkek c.

## HISTORY OF GOTHIC ART AND ARTISTIC CULTURE

**Abstract.** The Gothic style in art replaced the Romanesque, and brought many innovations and techniques. In architecture, this was reflected in the cathedral city churches, spacious, with high vaults, filled with sunlight due to huge windows instead of the usual painting on the walls. In painting

and sculpture, the plots gravitated more and more to the real ones, the volumes were worked out and the emotions of the characters were vividly conveyed. The figures were

freely located in the space surrounding them, slightly curved S-shaped poses were characteristic of the Gothic.

The main directions of art were born within the framework of the Gothic style in France and then became widespread throughout Europe.

**Keywords:** philosophy of art, Gothic art, Gothic culture, Gothic architecture, Gothic painting, French Gothic, stained glass art.

Готикалык көркөм маданият стили XII кылымдын орто ченинде пайда болгон, анын пайда болгон борбору Франция мамлекети болуп эсептелет. Андан кийин Батыш, Ортоңку жана анча – мынча таасирлерин байкаткан Күн – чыгыш Европасында мүнөздүү белгилердин таасирлери жүрүп жана тарай баштаган.

Готикалык стиль деп аталып калышынын биринчи себеби, Германиялыктардын варвардык урууларынын бири болгон Готтордун аталышы менен байланыштуу деп эсептелет. Бул уруулар 410 – жылы Рим шаарын талкалап жана тоноп кетишкен. Алардын кол салуусунан кийин, Рим шаарынын антикалык доорунун аяктоосу жана орто кылымар доорунун башталышы, жалпы эле Европа маданияты орто кылымдар тарыхынын башаатынын башталышы белгиленет.

Рим шаары менен бирге түбөлүктүү Римдин кулашы жана жаңы тарыхый барактары ачылат. "Готика", – деген илимий термин кайра жаралуу доорунда бекитилип, варварлардын жана жалпы орто кылымдар искусствосунун мүнөзүн камтыган түшүнүк катары белгиленет, ал искусство "Варвардык" деп да аталат.

"Терең маани – маңызына ээ болгон чиркөө жана кудай жолундагы ойломдук талдоолору (богословские размыщления), математикалык эсеп – кысаптарды (расчеты), техниканын өнүгүүсү, курулуш техникасынын өнүгүшү жана калыптанышынын негизинде "Готика" деп аталган көркөм искусство маданияты түзүлүп жана калыптанган." [1]

Готикалык искусство маданиятынын доору төмөнкүчө бөлүнөт: XII кылымдын экинчи жарымы XIII кылымдын биринчи бөлүгү: (первая четверть) – баштапкы готика (ранняя готика); XIII кылым жана XIV кылымдын эки чейректик бөлүмү (вторая четверть) – бышкан готика (зрелая готика), же болбосо жогорку готика (высокая готика); XIV – XV кылым акыркы же кечиккен готика, ("Пламенеющая",) – деп аталат.

Готикалык стилдеги исусствону негизинен жалпылай белгилеп келгенде, Франциянын түндүк тарабында биринчи жолу пайда болгон курулуштары менен мүнөздөлөт. Таштан жасалып курулган чиркөөлөр өзүнүн классикалык формасына ээ болгон мезгил болуп саналат. Готикалык стилдин татаал искусство доорунда, искусствонун маани – мазмууну синтезделип, толукталып жана байып баштаган учур деп да эсептелет.

Кечиккен готикалык стилдин доорунда тарых белгилеп кеткендей, искусство маселеси көбүрөөк "адамзат" маселесине көңүл бөлүп баштаган. Адамдын эмоциясына кайгы – капа тартып жана азап чегүүлөрүнө, турмуштун оорлугу, кайгы – муңдуу окуяларына көңүл коюп баштаган.

Адамзаттын жырткычтыгын, аёсуз күрөштөрүн, айрым бир мыкаачылыктарын, кайгылуу турмуштуу өмүрү, жашоосу жана кайгылуу күндөрүн (драматизм и трагичность жизни) баяндаган көркөм чагылдыруу образдары жаралат.

"Кечиккен готикалык доордун дагы бир мүнөздүү белгилери архитектуралык курулуштарда байкалат, ратуштар, соода борборлору, сарайлар (дворцы), заңгыраган үйлөр (особняков) жана жашоого, күнүмдүк жашоого шартталган силуэттик үйлөрдүн кереметтери байкалган курулуштар мезгили болуп эсептелет"[2]. Ал курулуштардын баары өтө татаал декорлор менен жасалгаланган, ал жасалгалоолор курулуштун вертикалдуу сызыктарын да белгилеген мүнөзгө ээ. Готикалык стилдин өнүгүүсүндөгү акыркы этабынын дагы бир аталышы: "интернационалдык" деп айтылат, анткени, ал, көптөгөн мамлекеттерге тараган, искусство стилин чагылдырган доор. Кээде, бул доордун искусствосунун "Готикалык

манеризм" деп да аташат, анткени, жаңы форма кубулуштарын жараткан эмес, а искусствонун баардык күчү жасалгалоого жана кооздоого жумшалган. Анын мүнөзүндө ашыккан экспрессивдүү форма кооздук кубулушун көрсөтсө, а кээде, символдук мүнөздү жана графикалык гротеск деңгээлине жетүү, аллегориялык татаал мүнөздөрдү өтө таң калыштуу трансформациялары жана ашыгуулары аркылуу чагылдыруулары байкалат.

XIV–XV кылымдагы «Жалындуу готика» доору жаңы бир форма түзүлүштөрүн тартуулаган эмес, а ага чейин болуп келген формаларды, түзүлүштөрдү өтө кылдат назиктик менен кооздоп, жасалгалап, алардын кооздоо стилдик агымындай мүнөздөрү камтып, кечиккен готикалык стилдин архитектуралык формасы, курулуштун жалпы формасы, кынтыксыз, ашынган жасалгалоо жана кооздоону түшүндүрөт. Бирок белгилеп кетчү дагы бир нерсе, готикалык искусствосунун аллегориялык-символдук ирети жогорку руханий күчтү камтыган, ал күчтөр реалдуу жашоо жана табияттын кубулуштары менен терең байланышкан.

Готикалык доордун скульптурасында жана живопистик чыгармаларында портреттик жана пейзаждык жанрлар өнүгүп өскөн. Ал, образдарда жекечелик мүнөздөр баса белгиленет (индивидуальные черты), руханий жандуулук (одухотворенность и возвышенность) – руханий бийиктик жана таза таасир сезимдерди чагылдырган.

Готика доору, – китеп миниатюрасынын гүлдөп, өнүккөн доору, эмаль менен иштөө, көркөм токума чеберчилиги, күмүштөн зергердик колдонмо – жасалга өндүрүүлөрү, баалуу таштарды зергердик иштетүү жана сөөктү колдономо – жасалга өнөрүнүн техникасы менен иштетүү маселелери өнүгөт. Мисалы, Франциядагы дүйнөгө белгилүү лимождук эмаль чыгармалары бүгүнкү күнгө чейин күчүн жоготкон жок.

Готикалык стиль аркылуу көркөм искусствонун көптөгөн тармактарын ансамблдик бириктүүлүккө бириктирген, күнүмдүк жашоонун буюм – теримдери, эмеректер, кийим – кечелер, жасалгалар жана архитектуралык курулуштардын жасалгалары жаралган.

"Готикалык стилдин мүнөздүү белгилерин чагылдырган искусствонун негизги тармагы архитектура болгондуктан, чиркөөнүнү куруудагы предметтик көрүнүштөрү, эмеректер жана башка колдонмо күнүмдүк буюмдары, ошол архитектурада колдонулган форманы чагылдырган элементтердин фактордук топтомун миниатюралык мүнөздөрдө кайталаган"[3].

Ар бир мамлекеттин искусство чыгармаларында улуттук мүнөздүү белгилерин камтыган готикалык стилдин образдары жаралган.

Франциянын готикалык стили – ачыктык, пропорциялык тактык, чектик сезим жана формалардын кылдаттык жана назикти менен мүнөздөлөт. Англиядагы готикалык стиль – оор мүзөздүү, ашыкча басымдуулук, композициянын ашыкча татаалданышы жана архитектуралык майда – бараттын ашыкча кооздолушу аркылуу чагылдырылат. Германиядагы – готика стилиндеги искусстводо болсо мистикалык сезимдер, каалоонун түрдүү күчтөрү, акыл – эстин эмоционалдык таасирлерин (страсть, отвлеченность) жана башка маанилерге буруулар менен образдалган. Испанияда – готикалык стиль мусулмандык кооздуктардын камтып, оймо – чиймелердин элементтери менен байып жана жасалгаланган.

Италия готикалык стили – XIII кылымдан баштап өнүгүп баштаган, ошондо да айрым бир элементтери гана колдонулган, бирок, XIV кылымдан баштап бул мамлекеттин күнүмдүк жашоосунда жана архитектурасында да готикалык искусство толук жашоосуна ээ болот.

**Архитектура**

Диний жөрөлгөлөр боюнча готикалык стилдин мүнөзүндө дүйнө модели, түбөлүктүүлүктүн символу белгиленип готикалык чиркөөлөрдө ар түрдүү диний сюжеттер, образдуу чагылдырылып калган – деп эсептелинет. Ал образдарда христиан дининин ойломдору чагылдырылат, жогоруга умтулуу, кудайдын таза кулу болууга умтулуу, руханий бийиктикке жетүү маселелери коюлган. Образдык көркөм чагылдыруу маанилеринде: асманга, көккө умтулуу аракеттери болгон жана вертикалдык кооздоо мүнөзү ушундан улам пайда болгон. Башкача айтканда, "Вертикалдык композицилык доминант", – басымдуулугунун чечилиши, бийиктик, кудайга жакындоо, руханий жогорулук сезимдери жана башка маселелер.

"Готикалык чоӊ чиркөөлөрдүн көпчүлүгүндө архитектуралык курулуштун ички жана сырткы көрүнүшүнүн мейкиндигин жасалгалоолор, коздуктар түзүлүшү менен уюштуруу болуп саналган"[4]. Чиркөө жерден өсүп чыккан сымалга айланган, бирок, асманда жашагандай мүнөздү берген. Ал кубулуштар жөнүндө О. Мандельштам мындайча жазат:

Таштуу имарат колго токулган көрүнүштө,
Жөргөмүштүн тору сымал көрүнгөн келбетинде.
Асмандын көрүнбөгөн денесин көрсөткөндөй,
Ичке ийне менен сайган килемге түбөлүктүү окшойсуӊ.

Готикалык кичи чиркөөлөр базиликтик формалардын негизин сактап калган жана ошол эле мезгилде романдык стилдин белгилерин да сактап келет, бирок анын төбөсүнүн (своды) конструкциясы өзгөргөн: анын негизин каркастык система түзгөн, анын мамычалары жана ага таянган жебе сымал арка түзүлүштөрү колдонулган.

Готикалык чиркөөлөрдүн архитектуралык курулушунда, анын интерьердик жана экстерьердик жасалгалоолорунда искусствонун баардык түрлөрү синтезделген: архитектура, скульптура, витраж, живопись, колдонмо – жасалга өнөрү, жыгач, сөөк, таш жана башка материалдык каражаттарга оюуу (резьба) аркылуу жасалга түшүрүүмаселелери чечмеленет.

Порталдар жана алтарьдык бөлүктөр скульптуралык чыгармалар менен кооздолгон, ага кошумча оюм – чиймелердин композициялары менен жасалгаланган. Имараттын порталдарында негизги үч темадагы скульптуралык декорлор кодонулган: "Аёсуз сот" ("Страшный суд"); Марияга арналган циклдер; жергиликтүү ыйык деп эсептелип калган инсандарга арналган, чиркөөнүн тарыхы менен байланшкан ыйык окуялар жана башка түшүнүктөрдү камтыган ыйык циклдери.

Эӊ мыкты статуя чыгармалары ыйык инсандарга да арналган жана алегориялык көрүнүштөрдү сүрөттөгөн фигуралар тереӊ руханий күчкө ээ болгон. Демек "Искусство чыгармалары улуу таасирлерди камтыган руханий күчкө ээ болуп турат"[5].

Романдык стилдин скульптураларынын түнт, токтоп жана катып калган образдары; жандуу, кыймылдуу жана пластикалык ийкемдүүлүктөрдү камтыган руханий таасире ээ болгон сулуулуктар менен алмашкан.

Скульптуралык чыгармалар бири-бирине жана көрүүчүлөргө каратылып, көз чаптырып жаткандай мүнөздө жасалып, кандайдыр бир таасирге ээ болгондой көрүнөт. Архитектуралык курулуштун фасадында жана төбөсүндө (на крыше) фантастикалуу образдагы жырткыч айбанаттарынын скульптуралары (химерлер жана горкульийлер) жасалгаланып орнотулган.

Готика искусствосу аркылуу жашоонун чындыгынан болгон байкоолор, лирикалык сезимдер, кайгы-капалык, бийиктелген руханий күч жана социалдык сатиралар чагылдырылган.

Готикалык архитектуралардын, дүйнөгө белгилүү болгон (выдающимися), өтө жогорку таасир күчкө жетишкен чегин алып жүргөн курулуштук чыгармалары катары: Францияда – Нотр-Дам чиркөөсү (собор Парижской Богоматери) эсептелинет, ал Париждеги, Реймсте, Аменьеде жана Шартрд чиркөөлөр (баары Францияда); Германияда, Кельндеги чиркөөсү; Англияда, Вестминистердик аббаттыгы, ал чиркөө Лондондо жайгашкан жана башка архитектуралык бийиктиктерди атайбыз.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Кузьмина М.Т., Мальцевой Н.Л. История зарубежного искусства. – М., 1971. – 594 с.
2. Гнедич П.П. Всеобщая история искусства. – М., 2021. – 580 с.
3. Аксенова А. История искусства: стили, направления и течения. – М., 2021. – 140 с.
4. Тэн И. Философия искусства. – М., 1996. – 30 с.
5. Афанасев В.Г. Основы философии. – М., 1976. – 320 с.

**Рецензент: тарых илим. канд., доц. Зайниев Р.А.**